# Жанар тоо болуп жаналы.

Сөзсү.Байдылда Сарногоев

Обону.Маматсабыр Туташбаев

Аткаруучу.Венера Сатылганова

Айсыз түн жолтоо болот дейт

Ашыктар сайран курганда

Ай нуру мага не керек

Алтыным өзүң турганда

Таалайлуу жаштар экенбиз

Таранып өстүк гүл жайда

Таталы таттуу жемишин

Табылбайт ушул түн кайра

Жабыкпай жүрчү жан эркем

Жашообуз өтсүн жыргалда

Жанар тоо болуп жаналы

Бир жолу эмес миң кайра